# Морунун санагы



Автор: Рукмини Банерджи
Сүрөтчү: Нина Сабнани
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Морунун санагы

Автор: Рукмини Банерджи
Сүрөтчү: Нина Сабнани
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Pratham Books

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org /licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Counting on Moru*, Copyright © 2012, Pratham Books түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Морунун санагы" (кыргыз тилинде),
автор Рукмини Банерджи, сүрөтчү Нина Сабнани,
Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.
Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз:
https://storyweaver.org.in/stories/38-counting-on-moru

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Мору ээнбаш бала болчу. Өзүнө жакпаган ишти кылууга аны эч ким мажбурлай алчу эмес.

Ал өзү каалаган ишти жасап жаткан болсо, эч ким токтото да алчу эмес.



Мору даракка чыгып, быша элек мангону уурдаганды жакшы көрчү. Кээде ал бутакка жармашып чыгып баратып, өзүн караңгы чытырмандагы кабылан деп элестетчү.

Ал курт-кумурскаларды кармаганды жакшы көрчү. Башы жалтыраган көк чымын, кичинекей чегиртке жана колуна из калтырган сары көпөлөктөрдүн артынан калчу эмес.

Мору батперек учурганды да аябай жакшы көрчү. Ал бийигирээк жерге чыгып учурган батперегин булуттардын үстүндө бүркүттөй каалгып, күнгө жетсе экен деп кыялданчу.




Мору сандарды да жакшы көрчү. 1 саны ичке жана жалгыз, 100 болсо, семиз жана бай көрүнчү.

Ал үчүн эң кооз сан 9 болчу. Өзгөчө аны бирден кийин койгондо, 19 деп сонун көрүнүп калчу. Сандарды түгөнбөгөн тепкичтерге окшоштурчу.

Мору тепкичке чыккан сайын экиден, үчтөн, кээде төрт тепкичти бир аттап чыгып бараткын элестетчү.



Мору чарчаганда, тепкичтин жөлөмөсү менен ылдый сызып баратканын элестетет. Сандар болсо анын артынан кол булгалап тургандай болот.

Сандар түшкү тамактануу убагында сен тойгончо эле азайып калган күрүчкө окшобой, өз ордунда былк этпей турушат. Алар оюн эми эле кызыганда үйүнө кайтууга аргасыз болгон достордон да эмес...

Сандар менен канчалык көп сонундарды жасаса болот! Ары-бери калчоо, түркүмдөө, кошуу, кемитүү жана бөлүү... - сыяктуу чексиз ырахат бере турган иштер сонун да!



Мору мектепке барганды абдан жакшы көрчү. Анткени анын досторунун баары мектепке барышчу. Эртең менен туруп, бир жакка барууга даярданган да жакчу.

Балдар аянтчасында жыргап ойногону менен, сабакта отурганда зеригип кете турган болду. Ага мугалим жаккан жок. Анткени суроо берүүгө, класста ары-бери басууга жана, албетте, сүйлөшүүгө тыюу салды. Сабакта ал өзүн торго түшкөндөй сезди.


Мугалим аябай ачуулуу экен. Моруга ал балдарды такыр жактырбай тургандай сезилди.

Балким, ал күн сайын мектепке келип, мугалим болуп иштегиси келбеген адам чыгар. Кандай болсо да, аны Морунун бардык классташтары жактырган жок.




Күн сайын эртең менен мугалим тактага бир нерсе жазат. Анан ачуулуу үнү менен окуучуларга: "Ушунун баарын дептериңерге көчүрүп жазгыла", – деп, класстан чыгып кетет.

Эгерде балдар бардыгын тыкан аткарышса, ал унчукпай дептерлерди текшерип отура берет. Андай болбой калса, ал аябай ачууланат. Мугалимдин ачуусу келгенде, окуучуларды атынан атап, катуу жазалайт.



Күндөрдүн биринде мугалим тактага бир нече мисалды жазды. Алар жеңил жана кызыксыз эле болчу. Мору аларды чыгаргысы келген жок. Анан калса, дептери да толуп калыптыр. Жаңысын сатып берүүгө же апасында акча болсочу.

Ал эсеп чыгаруунун ордуна дубалды бойлой сойлоп жүргөн кумурскаларды санап чыкты. Андан кийин мектептин тосмосундагы сынган кирпичтердин баарын санап көрүүнү чечти. Кошуп, көбөйтүп, ар бир кирпич 5 рупий турган болсо, тосмону оңдоо үчүн жалпысынан 1000 рупий керек болорун тактады.




– Мору! – деп күтүлбөгөн жерден мугалим кыйкырды. Эмне үчүн эч нерсе кылбай отурасың? – деди.

Мору унчуккан жок.

– Дептериң кайда?!

– Менин дептерим толуп калды, жаңысын алганга акчам жок, – деди Мору.

Анын жообу мугалимдин ого бетер ачуусун келтирди.



– Менин дептерим болсо да, бул мисалдарды чыгармак эмесмин. Анткени мага бул эсептер жаккан жок, – деп акырын сөзүн улады Мору.

Мугалим ого бетер жинденип, аны жазалоону чечти. Мору аябай капа болуп, көзүнөн жаш куюлуп, ыйлап жиберди. Ал ордунан тура калып, класстан чуркап чыкты.

Тепкич менен ылдый түштү. Чаң баскан короону аралап өтүп, сынган дарбазадан ашып өттү да, мектептен качып кетти.



Эртеси эртең менен апасы Моруну мектепке бар деп ойготту. Бирок бала төшөктөн турбай, жууркаsuccessorын чүмкөнүп алды.

Бир күндөн кийин да ошол эле жагдай кайталанды. Эч ким Моруну кайрадан мектепке барууга көндүрө алган жок.

Ошентип бир жума, андан кийин бир ай өттү. Мору күнү бою үйүнүн алдындагы тосмонун кырында отурду.



Кээде ал батперек учурганга аракет кылчу. Бирок мындан да тажап, кызыкпай калды. Апасы урушат, агасы шылдыңдайт, таенеси мектепке бар деп жалынат. Таекеси Мору оюн өзгөртүп мектепке бара турган болсо, ага көп белек алып келип берем деп убада кылат. Достору да мектепке чогуу баралы дешти.

Бирок Мору көшөрүп, мектепке барбай койду.



Көпкө созулган жайкы каникулдан кийин, мектеп кайрадан ачылды. Баары Моруну окууга келет деп ойлошту.

– Жок,– деди бала чечкиндүү түрдө. Ошентип дагы бир жыл өтүп кетти. Мору сабак окугандын ордуна тентектик кыла баштады.



Ал өзүнө окшоп мектепти таштап кеткен балдарга кошулду.

Алар биригип алышып, окуучуларды шылдыңдашат. Тентектер базарга барып, жашылча-жемиш саткан сатуучулардын да тынчын алышат.

Мору досторунун дептерлерин айрып, учак жасап учурат. Же тосмого чыгып алып, ары-бери өткөндөрдү ачакей менен аткылайт.



Мору бир күнү картаң мугалим кетип, анын ордуна жаңы, жаш мугалимди жумушка алышканын укту.

Ошол күнү Мору адатынча эле тосмонун кырында отуруп, балдардын мектепке баратканын көрдү.

Эми андан эч ким эмне үчүн сабакка барбай жатасың деп сурабайт. Мурдагы достору андан алыстап, качып калышкан эле.



Жаңы мугалим Морунун алдынан өтүп кетти. Мору экөөнүн көздөрү чагылыша түштү. Экөө тең бири-бирине жылмайган жок.

Эртеси ошол эле жерден Мору баягы жаш мугалимди кайра көрдү. Агай Моруну карап, жылмайып койду. Бала тосмодон секирип түшүп, үйүн көздөй чуркады.



Бир нече күндөн кийин агай Морунун жанынан китептер салынган оор баштыкты көтөрүп өтүп баратты.

Мору ойлонуп, анын артынан чуркап барды. Бала эч нерсе дебестен оор баштыктын бир боосунан кармады. Мугалим үчүн жүк бир топ эле жеңилдей түштү. Алар оор жүктү мектепке экөөлөп тез эле көтөрүп барышты.



Класста мугалим баштыкты ачып, Моруга да китептерди карап чыгууга уруксат берди. Ал жерде бир топ китептер бар болчу. Алар ар кандай көлөмдө жана формада болуп, жаңы кагаз бир башкача сонун жыттанып турду.

– Буларды жыйнашканга мага жардам берип коёсуңбу? – деп суранды мугалим күтүлбөгөн жерден.



Мору баштыктан окуу китептерди чыгара баштады. Бала эки жылдан бери колуна китеп кармабагандыктан, бир аз толкунданып кетти. Алардын баарынын мукабалары кооз, айрымдарынын аттары чоң тамгалар менен жазылыптыр.




Эртеси Мору сабак бүтүп, балдар кеткенге чейин күттү. Агай класста жалгыз отуруптур. Бала акырын кирип, эшиктин алдына туруп калды.

– Аа, келгениң абдан жакшы болбодубу. Мага сенин жардамың керек, – деди агай башын көтөрүп. Мору эмне кылып жардам берем деп ойлонду.

– Бүгүн да китептерди иреттешип коёсуңбу?



Мору жерге отуруп, бардык китептерди тегерегине жайды.


Ал жаныбарлар жөнүндө окуу китептерди бир жерге топтоду. Анткени кабылан жөнүндөгү аңгемелер жыйнагын пилдер жана төөлөрдүн жанына койсо туура болмок. Жомокторду жана кудайлар жөнүндө окуяларды бир жерге чогултууну туура көрдү.

Буларды бөлгөндөн кийин, укмуштуу окуялар жөнүндөгү китептер өзүнчө калып калды.

Андан кийин мукабасында сандар жазылган окуу китептерин көрдү. Мору буга өзгөчө көңүл бурду. Семиз сандар арык сандар менен чогуу бийлеп жаткандай сезилди.

Көбөйтүндүлөр кыска жана ыңгайсыз көрүнгөн, бирок сандар көбөйгөн сайын катары калыңдап, ишенимдүү боло баштады.

Бөлүү тескерисинче болду. Чоң сандан баштасаң, мисалдар узун куйрук менен аяктайт. Эгер жолуң болсо, эч калдыксыз чыгат. Сандар жана түркүн амалдар менен ыкмалар Моруга биринин артынан бири кайтып келип жатышты.



– Мору, кеч кирди. Үйгө жөнө, кааласаң эртең кел. Бирок балдар менен чогуу кел, – деди агай.

Эртеси сабак башталгандан көп өтпөй, Мору келди. Класстагылардын баары аны көрүп, таң калышты.

– Оо, менин жакшы жардамчым келген турбайбы! – деп мугалим сүйүнүп кетти.

– Балдарга бул сандарды кемүү, андан кийин өсүү тартибинде жайгаштырууга жардам бер, – деди.

Окуучулар бейбаш Морунун мынча өзгөргөнүнө таң калышты.



Мору балдарды биринин артына бири тизилип турушун суранды. Башына бою кыскаларын, аягына бою узундарын тизди. Баарына номуру бар кагаз таратты. Окуучулар баарын дароо түшүнүштү. Сандар да балдардай болуп, боюна жараша тизилгендей, кичинекейден чоңго чейин тизилет турбайбы!

Мору күн сайын мектепке бир аз убакытка келип турчу болду. Агай ага барган сайын көбүрөөк тапшырма берип жатты.

Мору өзүнүн сандарга болгон кызыгуусу күчөгөнүн байкады. Балдар да анын математикалык мисалдарды чеберчилик менен чыгарганын көрүп аябай кубанышты.


1
2
3
4
5
6



Бир күнү эртең менен Моруну энеси издеп чыкты. Бирок баланы эч жерден тапкан жок. Ал демейде баласынын буттарын салаңдатып отурган тосмону карады. Бирок ал жерде анын ачакейи гана калган экен.



Энеси баласын бактын арасынан издеди. Жалбырактар шамалга шуудураганы менен бутактардын арасынан Мору көрүнгөн жок.


Ал баласын издеп базарга барды. Бирок жашылча-жемиш саткандардын баары соодасын тынч эле кылып отурушкан экен. Көптөн бери бейбаштар булардын тынчын албай калышыптыр.

Баласын издеген эне чолок көчөдөн өтүп, мектептин терезесин шыкаалап карады.

Мору класста отурган экен. Ал дептерине үңүлө карап, эсеп чыгарып жатыптыр.

Бала классташтары менен математикадан татаал маселелерди чыгарды. Агай Морунун апасын көрүп, ага жылмайып койду. Ал да агайга жылмайды.

Морунун апасы уулунун мектепке кайтып келгенине абдан кубанды. Эми ал бир дагы сабакты калтырбайт. Эң негизгиси, бул жолу ал окуганды абдан жактырып калды.



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ


Автор: Рукмини Банерджи

Сүрөтчү: Нина Сабнани

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев



USAID "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли